**Ош мамлекеттик университетинин ПО курамынын жылдык рейтингин уюштуруу, жүргүзүү жана жыйынтыгын таануу боюнча комиссиянын жыйынынын № 2 протоколу**

**2025-ж.02.09.** **Ош шаары**

1. Төрага: Арапбаев Р.Н. – окуу иштер боюнча проректор, комиссиянын төрагасы
2. Катчысы - М.М. Былыкова

   Катышкандар -

   1. Эшаров Э.А. – илимий иштер жана инновациялар боюнча проректор, төраганын орун басары
   2. Молдояров У.Д. – санариптик трансформациялоо жана электрондук билим берүү боюнча проректор
   3. Аттокуров К.Ш. – тышкы байланыштар боюнча проректор
   4. Шарипова М.С. – мамлекеттик тил жана социалдык иштер боюнча проректор
   5. Мапаева Н.А. – коомчулук менен иштөө жана жаштар саясаты боюнча проректор
   6. Мамажакып уулу Чыңгыз – орто кесиптик билим берүү департаментинин директору
   7. Папиева Т.М. – академиялык иштер жана билим берүү саясатын өнүктүрүүнү стратегиялык пландаштыруу башкармалыгынын начальниги
   8. Турдубаев Б.А. – кесиптик бирлигинин укук жана техникалык эмгек инспектору
   9. Курбанбаева Н.Н. – илим жана инновация бөлүмүнүн башчысы
   10. Султанова К.Дж. – аккредитация жана лицензиялоо бөлүмүнүн башчысы
   11. Розыкова М.Б.– ОСМКБнын башкы адиси
   12. Нурмаматова М.Т. – ОСМКБнын методист-координатору
   13. Атабаев И.Н. – медицина факультетинин доценти
   14. Борбоева Г.М. – математика, физика, тахника жана информациялык технологиялар институтунун доценти
   15. Турсунбаева А.Т. – медицина факультетинин окуу-усулдук кеңешинин төрайымы
   16. Жообасарова Д. – медицина факультетинин симуляциялык борборунун жетекчиси
   17. Темиралиева Т.Т. – филология жана маданияттар аралык коммуникациялар институтунун директорунун окуу иштери боюнча орун басары
   18. Асанова Ү.А. – тарых-юридика институтунун улук окутуучусу
   19. Үсөн уулу Жыргалбек – табият таануу, дене тарбия, туризм жана агрардык технологиялар институтунун директорунун окуу иштери боюнча орун басары
   20. Мадмаров М.М. – экономика, бизнес жана менеджмент институтунун профсоюз комитетинин төрагасы
   21. Абылкасым уулу Канатбек – чыгыш таануу институтунун окуу-усулдук кеңешинин төрагасы
   22. Миталипова А.Н. – эл аралык медицина факультетинин улук окутуучусу
   23. Адылбек кызы Айсулуу – теология факультетинин окуу-усулдук кеңешинин төрайымы
   24. Орозов М.О. – эл аралык билим берүү программаларынын жогорку мектебинин директорунун окуу жана илимий иштери боюнча орун басары
   25. Шамшиева Н.К. – медициналык колледжинин окуу-усулдук кеңешинин төрайымы

26. Шаимкулова Ө.Р. – индустриалдык-педагогикалык колледжинин окуу-усулдук кеңешинин төрайымы
27. Жоробай кызы Токтокан – финансы-юридикалык колледжинин окутуучусу
28. Киргизбаева Т.А. – эл аралык билим берүүнү программалоо колледжинин окутуучусу
29. Сулайман уулу Заирбек – STEM инновациялык колледжинин директорунун окуу иштери боюнча орун басары

**Күн тартибинде каралган маселелер:**

1. Кафедра, бөлүм, цикл башчыларынын жана комиссия мүчөлөрүнүн жылдык рейтингин верификациялоо
2. Ош мамлекеттик университетинин профессордук-окутуучулук курамынын 2024-2025-окуу жылынын жылдык рейтингинин жыйынтыктарын таануу

**1.Угулду: Арапбаев Р.Н. –** Саламатсыздарбы, урматтуу кесиптештер? Баарыңыздарды жаңы окуу жылынын башталышы менен куттуктайм. Сиздер күбө болгондой, окуу жылынын аягында ОшМУда ПО курамынын жылдык рейтингин жүргүзүү боюнча бир топ иштер жүргүзүлдү. Эсиңиздерге сала кетсек, иштин башталышында график түзүлүп, 2025-жылдын 19-майынан 31-майына чейин профессордук-окутуучулук курамы тарабынан МСнын (маалыматтык система) рейтинг баракчасына маалыматтарды жайгаштыруу каралган болчу. Кийин көпчүлүк окутуучулардын өтүнүчү менен, дагы 3 күнгө (дем алыш күндөр менен 5 күнгө) кайра ачылып, окутуучулардын рейтингге жайгаштыруусу ишке ашырылган. 2025-жылдын 8-июнунан 15-июнуна чейин кафедра, бөлүм, ПЦК башчылары тарабынан маалыматтарды верификациялоо иштери аткарылды. 2025-жылдын 16-июнунан 30-июнуна чейин рейтингдик комиссиянын иши жүрдү. Тилекке каршы, иштин көптүгүнөн айрым комиссия мүчөлөрү эмгек өргүүсүнө чыкпастан, кошумча 10 жумушчу күн иштеп беришти. Эмгегиңиздер эске алынат деп ойлоймун.

**1.Сөзгө чыкты: Былыкова М.М. –** Урматтуу кесиптештер, иштин башталышында кафедра, бөлүм, ПЦК башчыларынын жана комиссия мүчөлөрүнүн жылдык рейтингин верификациялоо кийинкиге калтырылган эле. Ошол боюнча иш алып баралы. Баарыңыздардын көңүлүңүздөрдү экранга бурабыз. (Верификациялоо 2 сааттан ашык убакытта бүттү)

**2. Угулду: Арапбаев Р.Н. -** Ошентип, Ош мамлекеттик универстетинин ПО курамынын жылдык рейтингин чыгаруу боюнча иш аягына жетип, жыйынтыкталганы турат. Университет боюнча 2258 окутуучу катышкан. Ал эми 190 окутуучу жеке баракчаларына киргизбеген. Бул боюнча өз убагында жетекчиликке маалымат жеткирилген. Бирок бүгүнкү карай турган маселебиз рейтингдин жыйынтыгын чыгаруу болуп турат. Ушул маселе боюнча кандай ой-пикирлериңиздер болсо айтыңыздар.

**2. Сөзгө чыкты: Былыкова М.М.** – Урматтуу коллегалар, университеттин профессордук-окутуучулук курамынын жылдык рейтингге катышкандыгы тууралуу маалыматтарды. төмөнкү таблицада көрсөтөбүз:

| № | Структура | ПО курамдын жалпы саны | Рейтинг толтурган-дардын саны | Рейтинг толтурбаган дардын саны | % менен |
|---|---|---|---|---|---|
| 1. | Филология жана маданияттар аралык коммуникациялар институту | 259 | 250 | 9 | 96 |
| 2. | Педагогика, искусство жана журналистика институту | 165 | 145 | 20 | 88 |
| 3. | Тарых-юридика институту | 147 | 143 | 4 | 97 |
| 4. | Табият таануу, дене тарбия, туризм жана агрардык институту | 143 | 133 | 10 | 93 |
| 5. | Математика, физика, техника жана информациялык технологиялар институту | 159 | 147 | 12 | 93 |
| 6. | Экономика, бизнес жана менеджмент | 100 | 83 | 17 | 83 |
| 7. | Чыгыш таануу институту | 16 | 14 | 2 | 87 |
| 8. | Медицина факультети | 330 | 317 | 13 | 96 |
| 9. | Эл аралык медицина факультети | 192 | 176 | 16 | 92 |
| 10. | Теология фак. | 12 | 10 | 2 | 83 |
| 11. | Кыргыз-кытай фак. | 25 | 24 | 1 | 96 |
| 12. | Эл аралык билим берүү программалары жогорку мектеби | 66 | 50 | 16 | 76 |
| 13. | Медициналык колледж | 177 | 157 | 20 | 89 |
| 14. | Өзгөн эл аралык медициналык колледжи | 31 | 30 | 1 | 97 |
| 15. | Финансы-юридикалык колледжи | 128 | 119 | 9 | 97 |
| 16. | Индустриалдык-педагогикалык колледжи | 186 | 181 | 5 | 97 |
| 17. | Эл аралык билим берүүнү программалоо колледжи | 174 | 169 | 5 | 97 |
| 18. | STEM инновациялык колледжи | 91 | 82 | 9 | 90 |
| 19. | Арашан | 17 | 6 | 11 | 35 |
| 20. | Ординатура бөлүмү | 30 | 22 | 8 | 73 |
| | ***Жалпы жыйынтыгы*** | ***2448*** | ***2258*** | ***190*** | ***92%*** |

Жашыл менен белгиленген түзүмдөрдө дээрлик 95% катышкан, ал эми кызыл менен белгиленген түзүмдөрдө, ---- % толтурган. Окутуучулардын рейтингге катышпагандыгы тууралуу маалыматтар системасынан алынган жыйынтыктын негизинде, ар бир түзүмгө кабар берилип, себептери катталды. Ал эми рейтингде катталган бардык окутуучулардын жеке баракчаны толтургандан кийинки жыйынтыгын комиссия карап, верификациялап чыкты. Верификациялоо учурунда бир топ маселелер жаралды. Айрым кафедра башчылары верификациялаган эмес, айрымдары жобого туура келбеген маалыматтарды калтырып коюшкан. Бул боюнча сиздердин да оюңуздарды угалы. Верификациялоо учурунда жаралган маселелер боюнча оюңуздарды айтсаңыздар болот.

**2.Сөзгө чыкты**: Атабаев И.Н.– Ооба, көпчүлүк окутуучулар рейтинг боюнча жобо менен тааныштыгы жоктугу байкалды. Критерийлерге туура келбеген маалыматтарды киргизишкен. Же маалыматтарды алмаштырып алышкан учурлары да бар. Менимче, кийинки жылдардагы рейтингде ушул маселени кафедра башчылары колго алып, түшүндүрүү иштерин жүргүзүшү зарыл деп эсептейм.

**2.Сөзгө чыкты**: Турсунбаева А. - Студенттердин ойлоп табуулары критерийине СӨАИлер (студенттердин дептерлери, реферат, презентация, плакаттар ж. б.) коюлган. Сүрөттөр тастыктоочу документтер катары киргизилген. Деги эле бардык критерийлерге тек гана

сүрөткө түшүп койгондору арбын болду. Мындан ары ушундай көрүнүш кайталанбашы үчүн алдын алуучу иш чараларды көрүш керек деп ойлойм.

**2. Сөзгө чыкты**: Н. Курбанбаева – айрым кафедра башчылары жобо боюнча киргизишпептир. Демек, верификацияны да ошондой эле жүргүзгөн. Илимде ППС боюнча баары катышпаса да, макала жазып киргизген окутуучуларды верификациялоодо 1 ай жүрчү элек. Демек, бул иш өтө чоң эмгек болду деп эсептейм.

**Былыкова М.М.** – Бул маселелер боюнча жыйынтыктоочу отурум болуп жаткандыктан, сиздерге SWOT анализди сунуштайбыз. Кошумча-алымчалар болсо, сунуштар болсо бериңиздер.

**SWOT анализ**

| | |
|---|---|
| **Артыкчылык жактары:**<br>-Окутуучулардын арасында атаандаштыктын натыйжасында окуу процессинин сапатынын жогорулашы;<br>-Рейтингдин жыйынтыгы менен окутуучулардын мотивацияланышы;<br>- Рейтингдин натыйжасын негиз кылып алуу менен, жетекчилердин ишинин жеңилдеши;<br>-Рейтинг жобосунда көрсөтүлгөн бардык критерийлер боюнча иштердин натыйжалуулугу;<br>- Дифференцирленген айлык акы алууга шарт түзүү;<br>-Университеттин жергиликтүү жана эл аралык жождордун арасында аброюн жогорулатуу. | **Алсыз жактары:**<br>-Рейтинг боюнча жобону кафедра, бөлүм, ПЦКда жеткиликтүү талкуулабай, туура эмес толтургандыгы;<br>- Кафедра, ПЦК, бөлүм башчыларынын өз кызматтык милдетин аткарбай таптакыр верификациялабагандыгы;<br>- Кафедра, ПЦК, бөлүм башчыларынын жобого, принциптерге таянбай верификациялагандыгы;<br>-Окутуучулардын көңүл кош мамиле жасап, рейтингди толтурбагандыгы;<br>-Кайталанган материалдардын көптүгү, уникалдуу маалыматтардын жетишсиздиги;<br>-Материалдарга жеткиликтүүлүк чектелгендиги (доступ берилбеген);<br>-Google дискке бир шилтемеден көп материал башаламан коюлуп, так маалыматты издөөнүн кыйындыгы;<br>-Кээ бир кафедралардын сайт менен такыр иш алып барбагандыгы. |
| **Мүмкүнчүлүктөрү:**<br>- Профессордук-окутуучулук курамды маалыматтар системасына туура жайгаштырууга, системалаштырууга үндөө;<br>-Кафедра, ПЦК, бөлүм башчыларына верификациялоо боюнча консультацияларды уюштуруу;<br>- методикалык иштердин сапатын күчөтүү менен, алдыңкы тажрыйбаларды жайылтуу;<br>- Окутуучулардын квалификациясын жогорулатуу боюнча программаларды кеңейтүү;<br>- Эл аралык мобилдүүлүктү жана кызматташтыкты туура жолго коюу;<br>- Университеттин расмий сайты менен иштөөнү күчөтүү; | **Коркунучтары:**<br>- Университеттин сайтынын актуалдуулугунун төмөндөшү;<br>-Окутуучу менен эксперттин ортосунда конфликт келип чыгышы;<br>- Верификациянын жоктугу, кафедра, ПЦК башчыларынын жоопкерчиликсиздиги рейтингдин натыйжалуулугуна терс таасирин тийгизиши;<br>- Материалдардын жеткиликтүүлүгүнүн чектелүүсү жана маалыматтарды издөөнүн татаалдыгы убакытты жана ресурстарды көбөйтүшү;<br>- Окутуучулардын расмий эмес платформаларда маалыматтарды жайгаштыруу университеттин имиджине жана академиялык репутациясына терс таасирин тийгизиши. |

| | |
|---|---|
| - Сертификаттар жана квалификация боюнча электрондук базаны түзүү. | |

Жогорудагы талкуудан кийин эксперттик комиссиянын жыйыны

**Токтом кылат:**

1. Кафедра, бөлүм, цикл башчыларынын жана комиссия мүчөлөрүнүн жылдык рейтингин верификациялоо иши канааттандырарлык деп табылсын.
2. Ош мамлекеттик университетинин профессордук-окутуучулук курамынын 2024-2025-окуу жылынын жылдык рейтингинин жыйынтыктарын таануу университеттин административдик кеңешинин кароосуна сунушталсын.

Төрага: Арапбаев Р.Н.

Катчы: Былыкова М.М.

## Ош мамлекеттик университетинин профессордук-окутуучулук курамынын жылдык рейтингин жүргүзүү жөнүндө жобонун негизинде түзүлгөн рейтингдик комиссия курамын каттоо барагы

**Орду:** ОшМУнун башкы имараты, 117-жыйындар залы — Ош шаары
**Күнү:** 11.09.2025
**Төрага:** Арапбаев Р.Н.
**Катчы:** Былыкова М.М.

| № | Аты-жөнү | Колу | Эскертүү |
|---|---|---|---|
| 1 | Арапбаев Р.Н. | | |
| 2 | Эшаров Э.А. | | |
| 3 | М.М. Былыкова | | |
| 4 | Молдояров У.Д. | командировкада | |
| 5 | Аттокуров К.Ш. | командировкада | |
| 6 | Шарипова М.С. | | |
| 7 | Мапаева Н.А. | | |
| 8 | Мамажакып уулу Чыңгыз | кеткен | |
| 9 | Папиева Т.М. | | |
| 10 | Турдубаев Б.А. | | |
| 11 | Курбанбаева Н.Н. | | |
| 12 | Султанова К.Дж. | | |
| 13 | Розыкова М.Б. | | |
| 14 | Нурмаматова М.Т. | | |
| 15 | Атабаев И.Н. | | |
| 16 | Борбоева Г.М. | | |
| 17 | Турсунбаева А.Т. | | |
| 18 | Жообасарова Д. | | |
| 19 | Темиралиева Т.Т. | | |
| 20 | Ажиматова Э.Ж. | | |
| 21 | Асанова Ү.А. | | |
| 22 | Үсон уулу Жыргалбек | | |
| 23 | Мадмаров М.М. | | |
| 24 | Абылкасым уулу Канатбек | | |
| 25 | Миталипова А.Н. | | |
| 26 | Адылбек кызы Айсулуу | | |
| 27 | Мухтар уулу Зияулхак | | |
| 28 | Орозов М.О. | | |
| 29 | Шамшиева Н.К. | | |
| 30 | Шаимкулова Ө.Р. | | |
| 31 | Сулайманова Г.А. | | |
| 32 | Жоробай кызы Токтокан | | |
| 33 | Киргизбаева Т.А. | | |
| 34 | Сулайман уулу Заирбек | | |
| 35 | Митинали уулу Бектур | | |
| 36 | Амиркулов А. А (юрист) | | |